ЫСМАЙЫЛ КАДЫРОВ

# ТҮЙМӨ ӨНӨРҮ



ЫСМАЙЫЛ КАДЫРОВ

# ТҮЙМӨ ӨНӨРҮ



## ТҮЙҮНДӨН ТҮЙМӨГӨ ЧЕЙИН

Жиптен байлаштырып буюм жасоо мындан миңдеген жылдар мурда эле пайда болгон. Адегенде ал тиричилик муктаждыктарынын натыйжасында аң уулоодо колдонулуучу тузак-торду жасоодон башталгандыгына көптөгөн тарыхый маалыматтар күбө. Ал түгүл таш доорунда пайдаланылган тордун калдыгы да табылган.

Жиптен түйүп буюм жасоонун башаты кадимки эле түйүн менен байланыштырылат. Жип менен бир нерсе тигүүдө жип ийне же шибеге өткөн жерден өтүп кетпей такалып калсын үчүн учу түйүлөт. Мына ушунун эле негизинде чие байлоо, күрмөп байлоо, илмек байлоо, казык боочу чалып байлоо сыяктуу байлоонун түрлөрү келип чыккан. Алар ыңгайына жараша колдонулган жана керегине жараша өздөштүрүлгөн. Мисалы, бут кийимдин боосу илмек байланат, анткени аны кайра чечкенге оңой болот. Ал эми атты үч буттап отко койгондо чылбыр аттын арткы бутуна күрмөп байланат. Күрмөп байланган түйүн эч качан өзүнчө чечилип кетпейт, бирок кол менен кайра оңой чечилет ж. б. Ошентип, жипти байлоонун ар кандай ыкмалары өздөштүрүлө баштаган. Ошондой болсо да түйүн сырдуу көрүнүп, көп мезгилдер бою диний ырым-жырымдар менен байланыштырылган. Байыркы гректер сыныкты дарылоодо колдонушкан. Кээ бир элде кош бойлуу аялдарга түйүн түйүүгө тыюу салынган ж. б.

Бара бара жиптен өрүп, эшип, түйүп буюм жасоону үйрөнө башташкан. Ал биздин эрага чейинки IX кылымда

эле башталган. Аны баштоочулар моряктар болуп эсептелишет. Моряктар бош убактыларында ар кандай түйүндөрдү жана түйүлүп, өрүлүп, эшилип жасалган кооздуктарды ойлоп табышып, тумарчаларды жасап, аны моюндарына, кеменин мачтасынын учтарына тагышкан, жолдошторуна жана тааныштарына таберик кылышкан. Ошентип, өзүнчө өнөр катары түймөчүлүк, өрмөчүлүк негизделе баштаган.

XIII кылымда араб аялдары кийимдерин түйүндүү тор менен кооздоону өздөштүрүшкөн.

XIV кылымда моряктар аны Испания, Индия жана Кытайга жайылтышкан.

XV кылымда Италияга кеңири тарап, түйүп жасалган тор менен кийимди, пардаларды, жабдууларды кооздой баштaшкан. Ал түгүл атайын мектеп ачып, 5—6 жашар балдарды окутушкан.

XVI кылымда бул өнөр Голландия, Англия, Бельгия, Францияга белгилүү болуп, кеңири колдонулган.

XIX кылымда ага кызыгуу көбөйүп, Франция, Англия жана Россияда түймөгө арналган алгачкы китептер чыга баштаган.

Бул өнөр кыргыздарда да мурунтадан эле белгилүү болгон. Алардын тээ илгери эле колго өрүлгөн кур курчанып, колго ийрилип, жүн жиптен токулган таардан жасалган чепкен, шым кийишкенин советтик этнографтар С. М. Абрамзон жана К. И. Антипиналар белгилешет. Ал түгүл «Манас» эпосунда суп, абайы, бадана сыяктуу колго токулган кездеме, күрөөкө, кыяк өңдүү колго согулган соот, чопкут болгондугу, шалдыркан кисе өңдүү кооздоп, чачыктуу кылып жасалган кисе колдонулганы эскертилет. Кыргыздар ийрилип, чыйратылып, челденип боёлгон жиптен, ичке тилинген кайыштан, көктөн ар кандай буюм жасашкан. Боз үйдүн керегесин көк менен көктөшкөн. Кыргыз түймөчүлүгүнүн «чаян түйүш», «кылыч байлоо», «өрмө чачы», «түймө чачы», «төкмө чачы», «тор чачы», «иймек чачы», «илмек чачы» өңдүү ыкмалары болгон, алар

азыр да кеңири колдонулууда. Боз үйдүн тегиричи, үзүктүн тышкы жээги, эшик тыштын үстү, аяк кап, чыны кап, күзгү кап, текче, чыгдан ж. б. четтери өзүнө таандык түймөнүн түрлөрү менен кооздолот. Боз үйдүн боо чуусу, ат жабуу, таар, чепкен өңдүү буюмдар өрмөк менен согулат. Көтөрмө, аркан, чылбыр ж. б. эшилсе, жүгөн, камчы, шапалак өрүлүп, чыгдан, аяк кап сыяктуу чийлер чырмалып жасалат. Кыргыздар мына ушулардын ар бирин өз өзүнчө өнөр катары тутуп, баасына жеткире барктай билишкен. Азыркы кезде да салттуу өнөр катары улантылууда. Бул өнөрлөр эшмечилик, өрмөчүлүк, өрмөкчүлүк, чырмакчылык, түймөчүлүк, токуучулук деп аталып, өнөрдүн адиси эшмечи, өрмөчү, өрмөкчү, чырмакчы, түймөчү, токуучу деп аталат. Булар жөнүндө белгилүү адис Амантур Акматалиев «Көркөм кол өнөрчүлүк» («Мектеп», 1984) аттуу китебинде кеңири токтолгондуктан, аны кайталоону туура таппадык.

Түймө өнөрү айрым учурда унутулуп калып, кайрадан пайда болуп турган. Кайра башталган сайын ар кандай өзгөчөлүктөргө гана ээ болбостон, аталыштарын да өзгөрткөн. Түймө ар мезгилде ар кандай аталган: чарчылап өрүү, түйүндүү тор, Махнамара боосу, мексика тору, түймө чачы, чачык чыгаруу деп аталып, XIX кылымда кол өнөрчүлүктүн бул түрү макраме деп атала баштаган. Бул термин ар кандай түшүндүрүлөт. Бири түрк тилиндеги «такрама» деген сөздөн алынып, кыргызча которгондо «моюн орогуч» же «чачыктуу майлык» дегенди түшүндүрөт деп божомолдошсо, бири арабча «миграмах» деп аталып, которгондо «чачык» же «өрүлгөн тор менен кооздолгон моюн орогуч» дегенди билдирет деп эсептешет.

XIX кылымдын акырында түймөгө кызыккандар азайып, биздин кылымдын 20-жылдарында кайрадан модага кирип, үй ичи түйүлгөн килемче, абажур, ширма ж. б. менен жасалгалана баштаган. Ушул эле жылдарда парда, кашпо, баштык, кур, көз айнек салгыч сыяктуу буюмдар да түйүлүп жасала баштаган.

Азыркы кезде түймөгө кайрадан кызыгуу 60-жылдарда башталды. Түймөлөнгөн ар түрдүү буюмдар ар кандай кооздолуп жана кештеленип жасала баштады. Аларга терезе парда, жүк жабуу, газета салгыч, баштык, китеп тыш, саат боо, себет, тор, килемче, суулук-майлык ж. б. кирет.

Түймөгө болгон кызыгуу жасалган буюмдун бышыктыгы жана кооздугу менен гана түшүндүрүлбөстөн, инсандын чыгармачылык башатын ачууга кеңири мүмкүнчүлүк берет.

## ТҮЙМӨ (макраме)

Түймө үчүн болжол менен 20×45 см өлчөмүндөгү жумшагыраак жаздыкча, бөрктүү төөнөгүч, кайчы, сантиметрдик сызгыч, кездеме желими, илме шибеге даярдоо керек. Металл жана пластмасса шакекче, жыгач таякчалар да керектелиши мүмкүн.

Түймөнүн негизги материалы—жип. Кендир жип өзгөчө ыңгайлуу. Ал чыйрак чыйратылышы керек. Ошондой эле боо, тасма, көк, жөкө, кыл, жумшак ичке зым, ийилчээк материалдан жасалган ичке тасма пайдаланылса да болот. Көк челденип, жүнү таза алынган чылгый териден жибитилип туруп тилинип алынат. Ал камчы өрүү, эшик чийди согуу, кереге көктөө ж. б. пайдаланылат.

Түйүүдө үч жип колдонулат. Аны бири-биринен айырмалай билүү ишти жеңилдетет. Алар төмөнкүлөр: 1. К е р м е ж и п. Анын учтары түйүлүп, жаздыкчага төөнөп бекитилет. Ал түйүлүүчү жиптен бир аз жоонураак жана жасалуучу буюмдун энинен 4—5 см ашыгыраак болгону жакшы. Керме жипке буюм түйүлүүчү бардык жиптер бекитилет. Анын ордуна кашпо жасоодо металл шакекче, панного бамбук же жыгач таякча, курга пластмасса шакекче же тогоо колдонулат. 2. Т ү й ү н б а й л а н у у ч у ж и п. Ал жип түйгөнгө көп катышпай узунунан кармалат да, түйүлүүчү жип ага байланат. 3. Т ү й ү-

лүүчү жип. Бул жип негизги колдонулуучу жип катары кызмат кылып, түйүүдө болжол менен 4 эседей кыскарат.

Ишти башташ үчүн адегенде жоон жиптен үлгү катары түйүп көрүү керек. Анткени түйүндүн кандай түшкөнүн байкоого жеңил болот. Көнүгүү үчүн түстүү боолорду пайдаланган жакшы. Буюмга канча жип кетээрин билиш үчүн алдын ала түйүлүүчү буюмдун түр түшүрүлгөн үлгүсүн түйүп көрүү керек. Ал үчүн узуну 1 м болгон бир нече жипти алып, тең ортосунан бүктөп, ал жерден жаздыкчага төөнөп бекитип туруп (ар бир жагы 50 см болгон) үлгү өрүлөт. Өрүлгөн үлгүнүн узундугун ченеп көрүп, эгер, мисалы, 50 см жиптен 15 см гана алынса, анда буюмдун узундугуна караганда жипти 6 эсе узун алыш керек. Ал жип тең ортосунан бүктөлүп анан түйүлөт. Түйүүдө бир учу узун калып, экинчи учу (түйүлүүчү жип) өтө эле кыскарып кетиши мүмкүн, анда БФ—2 же ЕПВА желимин колдонуп же жиптин учун кылдат жандырып, ага башка жипти аяр эшип уласа болот. Түйүндүү чынжырчада жип—2,5—3 эсе, эки жалпак түйүндөн жасалган боо—4 эсе, кош түйүндөн жасалган «чакмак» тор—4 эсе, чырмалма боо—5 эсе, өрмө түйүн жана брида 6 дан 8 эсеге чейин кыскарат. Ичке жиптер азыраак, жоон жиптер көбүрөөк кыскарат. Жипти адегенде эле туура келгидей узундукта алып, уланган жерлери болсо түйүнгө киргизип, жашырып коюш керек, антпесе буюмдун сырткы көрүнүшү бузулуп калат.

Узун жиптер менен түйгөн кыйыныраак, анткени алар чатыша берет. Ошондуктан жиптин учтарын эки манжага түрүп, **ортосунан чоймо өткөрүп** койгон оң. Ал улам жандырылып турат.

Эки кат буюмду узунунан эле түйүп, бүткөндө эки кабаттап туруп капталдарын бириктирип тигип коюу керек (мисалы, баштыкты).

**Жипти керме жипке бекитүү.** Ал сыйыртмак түйүн деп аталат. Аны бекитүүнүн эки ыкмасы бар. **Биринчи**

**ыкма:** Жипти тең ортосунан эки бүктөп, туюк учу керме жиптин артына келтирилет. Жиптин учтарын керме жиптин асты жагынан алып, туюк учунан өткөрүп тартып коюу керек (1-сүрөт). **Экинчи ыкма:** Жиптин туюк учу керме жиптин астына келтирилет. Жиптин учтары керме жиптин артынан алынып, туюк учунан өткөрүлөт (2-сүрөт). Бул ыкмадан сырткары практикада үчүнчү ыкма да колдонулат. Ал үчүн адегенде жипти биринчи ыкма боюнча бекитип, андан кийин жиптин учтарын эки жагынан тең керме жиптин артынан алып өткөрүү керек **(3-сүрөт)**. **Бул кош сыйыртмак түйүн** деп аталат. Ал керме жип көрүнбөй турсун үчүн жасалат.



1-сүрөт



2-сүрөт



3-сүрөт

## ТҮЙМӨНҮН НЕГИЗГИ ТҮЙҮНДӨРҮ

**Түйүндүү чынжырча.** Эки жип менен түйүлөт. Түйүүдө эки **жип улам кезек менен** бирде түйүн байлануучу жиптин, бирде түйүлүүчү жиптин милдетин аткарып, ал-

машылып түшөт (4-сүрөт). Мында түйүндөрдүн эки жакты карап түшкөнү өтө маанилүү. Эки түйүндү бир жагына, эки түйүндү экинчи жагына келтирип түйсө да болот (5-сүрөт). 4 жиптен 2 ортоңку жибин керме жип катары алып, эки четки жиби менен түйсө кооз боо түйүлөт.

**Кош түйүн.** Керме жипке эки жип бекитилет. Пайда болгон 4 учтун ортоңку экөө керме жиптин милдетин аткарат. Оң кол менен оң четтеги жипти эки ортоңку жиптин алды жагынан алып, сол четтеги жиптин астынан өткөрүлөт. Сол кол менен сол четтеги жипти эки ортоңку жиптин арт жагынан алып, оң четтеги жип менен андан мурунку жиптин ортосунда пайда болгон илмектен өткөрүлөт. Бул түйүн **жалпак оң түйүн** деп аталат (6-сүрөт). Оң четтеги жипти эки ортоңку жиптин арт жагынан алып баштаса, алынган түйүн **жалпак сол түйүн** деп аталат (7-сүрөт). Бул түйүндөрдү түгөйлөштүрүп түйүүдөн жалпак кош түйүн келип чыгат (8-сүрөт). Аны жогорку ыкмалар менен ондон же солдон баштоодон иш өзгөрбөйт. Кош түйүндү улам кайталоодон жалпак боо алынат.



4-сүрөт



5-сүрөт



6-сүрөт



7-сүрөт

Керме жипке 4 жипти бекитип (бардыгы 8 уч чыгат), адегенде ортоңку төртөө, андан кийин четки төртөө менен анан кайра ортоңку төртөө менен жалпак кош түйүн жа-

сап түйсө, чакмак түрүндөгү чарчы түйүндөр алынат (9-сүрөт). Мындай түйүндөрдү тор (сетка) жасоого колдонсо болот.



8-сүрөт



9-сүрөт

**Казык бооч чалынган түйүн.** Бир нече жипти керме жипке бекитип, анын биринчиси же акыркысы, болбосо каалаганы керме жип катары алынып, калган жиптер ага түйүлөт. Казык бооч чалынган түйүндөрдүн катары **брида** (түйүн тизмеги) деп аталат. Брида туурасынан (10-сүрөт), диагоналынан (11-сүрөт), тигинен ж. б. жаса-



10-сүрөт



11-сүрөт

лышы мүмкүн. Мына ушул түйүндөрдү чыгармачылык менен ар кандай ыкмада пайдаланып, бетине көркөм түр түшүрүлгөн түрдүү буюмдарды жасоого болот. Айрыкча

түймөлөнүп жасалган кашпо, кур, абажур, баштык, панно, дубалга тагылма килемче сыяктуу ж. б. буюмдар аны жасаган адамдын уздугун айгинелеп, анын көркөм кол өнөрчүлүккө болгон мамилесинен кабар берип турат. Түймө адегенде гана кыйыныраактай көрүнөт, бирок бир аз чыдап жана кыял чабытын көрсөтө билсе 2—3 түйүндү өздөштүргөндөн кийин абдан кооз жана керектүү буюм жасоого болот.

## ТҮЙМӨЛӨНҮП ЖАСАЛУУЧУ АЙРЫМ БУЮМДАР

**Панно.** Панно жасоо үчүн адегенде анын сүрөтүн чийип, канча материал кетээрин эсептөө керек. Панно каалагандай өлчөмдө болушу мүмкүн. Кичирээк панно үчүн (200×300 мм) ичке боо жана шпагат пайдаланса болот. Ага үч бурчтук, квадрат, тик бурчтук, жылдызча, айлана ж. б. өңдүү геометриялык фигураларды, жалбырак, гүл жана башкаларды түймөнүн ар кандай ыкмаларын колдонуп түшүрүү менен кандайдыр бир белгилүү маани берүүгө болот. Түйүлүп бүткөндө жиптин учтары чачы катары калтырылат.

Башындагы керме жип ордуна жумуру таякчаны колдонсо да болот. Ал паннонун энинен 60—70 мм ашык болушу керек. Таякчанын учтарына паннону илүү үчүн боо байланат.

**Чачы**. Калпакка, топуга чачы жасоо үчүн жазылыгы чачынын керектүү узундугуна барабар болгон картон алып, ага туурасынан жипти түрүү керек. Жип канчалык көп түрүлсө, чачы ошончолук чоң болот. Жиптин учун ийнеге саптап, картондун үстү жагындагы жиптердин алдынан бир нече жолу өткөзүп, бекем тартыш керек. Андан кийин картонду сууруп салып, ийнедеги жип менен бир нече жолу ороп, моюнчасын жасайт. Аны бекитип, чачынын төмөнкү учун кайчы менен тегиздеп кесет.

**Чачык**, моюн орогучтун чачыгы. Моюн орогуч түйүлүп бүткөндөн кийин, эки учуна чачык жасоо үчүн моюн оро-

гучтун энине барабар картон кагаз алып, эки бүктөп (анын жазылыгы чачыктын узундугуна барабар болот, демек чачыктын узундугу моюн орогучтун энинин жарымына барабар), жипти ага тыкыз кылып туташ ороп, учун түйүп бекитүү керек. Андан кийин илме шибегени колдонуп, оролгон жипти картондун үстү жагынан чынжыр илмек менен бекитет, ал эми астыңкы жагы текшиленип кыркылат. Мындай чачыктан экөө жасалып, ал моюн орогучтун эки учуна ийне менен тигилип бириктирилет.

## ШИШ ЖАНА ИЛМЕ ШИБЕГЕ МЕНЕН ТҮЙҮҮ

**Түйүүдө колдонулуучу негизги куралдар менен материалдар.** Түйүү үчүн пайдаланылуучу негизги аспаптар — шиш жана илме шибеге, негизги материал — жип.



12-сүрөт



13-сүрөт

Андан сырткары ийик, тордоочу ийне, кайчы, төөнөгүч, сантиметрдик тасма сызгыч, чакмак дептер, чийме чийүүчү дептер, сызгыч, карандаш, бор ж. б. колдонулат.

**Шиш.** Шиш менен түйүүдө колдонулуучу негизги курал шиш. Ал металл, пластмасса, жыгач, бамбук жана

сөөктөн жасалат (12-сүрөт). Бири-биринен жоондугу (диаметри) боюнча айырмаланат. Шиштер жеңил, өтө жылмакай же никелденген болууга тийиш. Учтары өтө учтуу же тукул (шуштугуй эмес) болбош керек. Өтө учтуу болсо колду сайып алышы жана түйүп жатканда жиптин шиштен чыга бериши мүмкүн, өтө тукул болсо жип жакшы илинбейт. Ал түгүл кичине эле ийриси болсо да, ал жиптин жылышына токоолдук келтирип, ишти кыйындатат. Никелденген болот шиштер оорураак болсо да, артыкчылыкка ээ болушат. Алюминий шиштер да колдонгонго ыңгайлуу, бирок ачык түстөгү жипти карартып жиберет. Пластмасса, жыгач, сөөк шиштердин жоону түйгөнгө ыңгайлуу. Ичкеси ийрее берет да тез эле сынып калат. Капрон боого бириктирилип, металл зымдан жасалган кыска шиштер да болот.

Тегиз буюм (шарф, салфетка, туткуч ж. б.) түйүү үчүн эки узун шиш колдонулат, анын арткы учтарына алынган илмектер чыгып кетпес үчүн шарикче бекитилет же ийилип шакек түрүнө келтирилет. Чоң буюмдарды түйүү үчүн боо менен бириктирилген шиштер пайдаланылат. Андай боолуу түз шиштер менен эндүү бөлүктөрдү, юбканы жана жака жагынан баштап согулуучу кофталарды түйгөн ыңгайлуу. Анткени кол анча талыбайт жана алынган илмектер боого чогула берет. Аны менен түймөнү үлгүгө салып ченегенге да оңтойлуу.

Айланта (туюк) токууда (мисалы, кол кап, байпак ж. б.) узундугу 20—25 см болгон 5 шиш колдонулат.

Ар бир шиштин номери болот. Ал номер шиштин миллиметр менен алынган диаметрине туура келет. Мисалы, № 2 шиштин диаметри 2 мм, № 6 шиштин диаметри 6 мм ж. б.

Шиштин номери жиптин жоондугуна жараша тандалат. Жип менен шиштин номерлеринин дал келишин төмөнкүчө аныктоого болот. Түйүлүүчү жипти бош чыйратып, шиштин катарына койгондо шиш жиптен 1,5—2 эсе жоон болуш керек же жипти эки каттап бош чыйраткан-

да анын жоондугу керектүү шиштин жоондугу менен дал келиш керек. Үйрөнчүк түймөчүлөр жипти тарта түйүшөт, ошондуктан үйрөнчүктөрдүн шиши жиптен 2—2,5 эсе жоон болгону дурус.

Туура эмес тандалган шиш менен түйүлгөн кийим ойдогудай болбой тыгыз түйүлүп, катуу болуп калат же тескерисинче бош болуп, алжырак көрүнүп калат. Ошондуктан түймө моделде сунуш кылынган гана шиш менен түйүлгөнү өтө маанилүү.

**Илме шибеге.** Илме шибеге металл, сөөк (сөөктөн жонуп же койдун каржилигинин укуругунан жасаса болот), пластмасса, жыгачтан ар кандай жоондукта жасалат (13-сүрөт). Диаметри 1,5 мм ден 8 мм ге чейин болот. Илме шибегенин номери анын жоондугуна, илгегинин чыгарылышына жараша аныкталат. Илме шибеге тандоодо анын жакшы жылмалангандыгын, илгегинин тууралыгын текшерүү керек. Курч, өтө оюк жасалган илгек жипке жана манжага илинип, түйүп жатканда илмекти жакшы тартып чыгара албайт.

Диаметри 4—6 мм болгон илме шибегелер жоон жүн жиптен буюм түйүүдө, кыйла ичке илме шибегелер ирис, мулине, кебез жиптерден буюм түйүүдө колдонулат. Жип илме шибегенин моюнунан 1,5—2 эсе жоон болуш керек. Эгер жоон илме шибеге менен ичке жиптен түйүлсө, анда түйүлгөн буюм алжырак болуп калат. Жоон жиптен ичке шибеге менен түйүлсө, буюм тыгыз түйүлөт. Тунис түймөсү үчүн узун, тегиз илме шибеге керек. Асем торчолуу (ажур) түймө үчүн сызма токулуучу атайын курал — «айрыкча» жана эки узун илме шибеге колдонулат.

Илме шибеге менен түйүлгөн буюм жиптердин өзүнчө түрлөнүп өрүлүп түшүшү, тыгыздыгы жана аз чоюлушу менен айырмаланат.

**Жип.** Түйүү үчүн пайдаланылуучу негизги материал — жип. Жип-буладан ийрүү фабрикасында, ошондой эле ийик менен ийрилип колдо да даярдалат.

Була накта жана химиялык болуп эки түргө бөлүнөт.

**Накта була** өсүмдүк буласынан жана малдын жүнүнөн жасалат. Өсүмдүк буласынан алынган булаларга — пахта, кендир жана башкадан иштетилип жасалган булалар, мал жүнүнөн жасалган булаларга — жибек жана жүн, б. а. жибек көпөлөгүнүн пилласынан алынган була жана кой, эчки, коён, төөнүн жүндөрү (тыбыты) кирет.

**Химиялык була** жасалма жана синтетикалык болуп бөлүнөт. Алар өнөр жайлык жол менен ар түрдүү табигый заттарды химиялык иштетүүдөн алынат. Мисалы, жыгачтан — вискоза жиби; нефть, көмүр, газды кайра иштетүү продуктыларынан — капрон, лавсан ж. б. алынат.

Жип буланын түрү боюнча кебез, жибек, кендир, жүн, капрон жана алардын аралашмасынан даярдалган болуп бөлүнөт. Арналышы боюнча тигүү, сайма саюу, түйүү, тордоо жиптери болуп айырмаланат.

Түйүү үчүн мыкты жип катары жүн жана кебез жиптер эсептелет, ошондой эле тигүү жиби, мулине, ирис, кроше, гарус жиптерин да пайдаланса болот. Жип түйүлүүчү буюмга жараша тандалат.

Жипти колдо даярдоодо жүн майда тытылып, ийрүүгө ылайыкталып созулуп тоголоктолот. Анын учун ийиктин буйласына ороп, сол кол менен жүндү жогору созо, оң кол менен ийикти чимирилтет. Ийрилген жип ийик баштын алдына тоголоктолуп түрүлөт. Жип бир баш алмайга толгондо (бир тоголок же бир түрмөк болгондо) ийиктен чыгарылат. Жиптин бир учу баш алмайдын ичинен бир учу сыртынан алынып, б. а. эки учу бириктирилип же ийик менен оң жана сол ийрилген эки жип катталып ийрилип чыйратылат. Чыйратылган жипти жымсалдоо ыкмасы челдөө деп аталат. Челдөөдө чыйратылган жипке карыштай чийди эки имере алып, ары бери сүргөндө жип текшиленет. Челденген жип менен түйүлгөн буюм тегиз түшүп, көркөм көрүнөт.

Жиптин түрүн аны күйгүзүп көрүп аныктоого болот. Кебез жип күйгөн кагаздын жытындай жыт чыгарып, жалынсыз тез күйөт, күйгөндөн кийин боз күл калат; жүн

жип жай куйөт, томолок көмүргө айланат, күйгөн мүйүздүн жытындай жыт чыгарат; синтетикалык жип күйбөйт, алар мом сыяктуу эрийт.

Жиптин негизги касиеттерине: жоондугу, узундугу, чыйратылышы, текшилиги, чыйрактыгы, бышыктыгы — тышкы таасирлерге каршылык көрсөтүү жөндөмү кирет. Жиптин чыйрактыгы жана бышыктыгы — бири биринен ажырагыс касиет. Эгер жипти чойгондо кайра жыйрылса, анда ал жип бышык, мындай жип менен түйүлгөн кийимдин сыны бузулбай, узак мезгил көөнөрбөйт.

Бышык эмес жипти бышык жип менен (жүн, кебез же жибек) бириктирип ийрип алган жакшы.

Фабрикада даярдалган жип түрүлүп же келептелип сатылат. Анын бөлчөк сан менен белгиленген номери болот. Мисалы, 10/2, 32/2, 50/2. Сызыкка чейинки сан жиптин жоондугун билдирет — номер канчалык чоң болсо жип ошончолук ичке болот. Сызыктан кийинки сан жип канча ичке жиптен катталып ийрилгенин билдирет. Мисалы 2— сан жиптин эки ичке жиптерден катталып ийрилгенин түшүндүрөт. Ага ишенүү үчүн жипти жандырып көрүп, анын бир нече ичке жиптен турарлыгын көрүүгө болот.

Түйүлүүчү кийимдин сапаты жиптин сапатына жараша болот. Чыйрак чыйратылган жиптен токулган кийим катуу болуп, чоюлуп кайра жыйрылбайт, жылуулукту жакшы сактабайт. Бирок, түйүү үчүн чыйрак жип керек болгон буюмдар да болот. Мисалы, баштык, кыргактуу калпак ж. б. Алар белгилүү форманы сакташ керек.

Түйүлүүчү кийимдин түрүнө жараша жиптин жоондугу тандалат. Кышкы жана спорттук кийимдер үчүн жоон, балдар кийими үчүн ичке жип керектелет. Жайкы кийимдер, көйнөк кооздуктары, суулук-майлык, ваза алдына төшөлүүчү салфетка жана башкалар кебез жиптен түйүлөт.

Илме шибеге менен балдардын мектепке кийүүчү көйнөгүнүн жакасын жана жең учун, ич кийимдин жакасы-

нын жана этегинин торун, кол аарчыны ак же түстүү жиптерден түйсө болот. Алар үчүн чыгырык жип (№ 10—30), кебез жип («Олень»), түйдөктөлгөн жылтырак жип («Ромашка»), ирис, мулине (3—6 кат) колдонулат.

Баштык, дубалга илме панно, торлор үчүн түрдүү түстөгү кенеп жиптер жана сутаж (чарык жиптин сыртынан жибек жип менен оролгон жип) кеңири пайдаланылат.

Кышкы жылуу кийимдер — жүн, жарымы жүн, вигонь (пахта жана жүн таштандыларынан ийрилген жип) жана синтетикалык жиптерден түйүлөт.

Жайкы кофталарды түйүү үчүн — кебез жип, ирис, мулине, жылтырак жип, ичке жибек сызма пайдаланылат.

**Меланж жип.** Ар түрдүү түстөгү бир нече жипти бириктирүү «меланж» деп аталат, ал французчадан которгондо аралашма, кошунду дегенди түшүндүрөт. Оңунан чыккан түс гаммасы кийимге жарашыктуу көрк берет. Меланж жип текши боёлбогон сапаты начар жиптерден да жасалышы мүмкүн. Көбүнчө жандырылган жипти башка түстөгү жип менен бириктирүү пайдалуу. Анткени жип бышыгыраак болуп калат. Экинчиден жандырылган жиптин тармалданып турушун билдирбей, тегиз көрсөтөт. Ага эски кийимден жандырылган жип да жарактуу. Эски жиптерден меланж жип жасоо үчүн алардын учтарын бириктирип түйүү керек. Мындай түйүндү жасоо үчүн адегенде машыгып алса да болот. Ал үчүн сол колго, мисалы, кара жиптин учун, оң колго ачык түстөгү жиптин учун алуу керек.

Ачык түстөгү жиптин учун кара жиптин үстүнө коюп, аны сол колдун манжасы менен кармап, андан кийин оң колдун манжасы менен кара жиптин учун алып, өзүн карай ачык түстөгү жипти орош керек. Андан кийин ачык түстөгү жиптин учу менен сыртты карай кара жипти оройт. Жиптин учтарын эки жакты карай тартса түйүн түйүлөт.

Жиптин учу 2—2,5 см чыгып тургандай бириктирилет. Бул учтарды кийим түйүлүп бүткөндө жиптин арасынан ички бетине тартып чыгарып коюш керек.

**Эски жипти пайдалануу.** Жаңы жип алууга мүмкүнчүлүк болбой калган учурлар да болот. Бул учурда модадан чыккан, жеңи көөнөрүп, чыканагы жыртылган эски кофта, свитер, жемпирлерди жандырып, кайрадан кийим токуганга жарактуу жип алынат. Адегенде кийимди кылдаттык менен жандырып, жибин түрүү керек. Кирип калган кыл торко кийим оңойлук менен жандырылбайт. Ошондуктан аны 3 аш кашык нашатырь спирти, 1 кашык скипидар жана 1 кашык шарап спирти кошулган бир чака (10 литр) самындуу сууга 1 сутка чылап коюу сунуш кылынат. Андан кийин аны ачык суу (уксус) кошулган жылуу сууга чайкап, кургаткандан кийин оңой жандырылат. Жүн жип жылтырап турсун үчүн чайкалуучу сууга түстүү жип болсо глицерин, ак жип болсо нашатырь спирти кошулат.

**Жандырылган жипти түздөө.** Жандырылган эски жипти түрүп, бир нече жеринен ачык түстөгү кебез жип менен бош тарта байлап, самындуу жылуу сууга жууш керек. Жүн жипти синтетикалык жуугуч каражаттар менен жууш сунуш кылынбайт. Жууганда жипти сыгууга, толгоого болбойт. Бир нече жолу жылуу сууга чайкаш керек.

Эгер жуугандан кийин жип дагы эле чыйрала берсе, анда аны түздөө керек. Андай жипти кийим токуганга пайдаланууга болбойт. Илмек тегиз эмес түшүп, бош болуп калат жана токулган кийим анча тыкан болбойт.

Жипти түздөө үчүн түрүлгөн жипти кермеге суу бойдон саландата арта салып, ар биринин төмөн жагына оор нерсе илип, акырындык менен жылдырып, жиптин абалын өзгөртүп турса жип оор нерсенин салмагы менен бат эле түздөлүп калат.

**Жипти агартуу.** Кээде күңүрт түстөгү жипти агартып, ачык түстөгү жип жасоо керек болот. Ал агарткычтын жардамы менен жүргүзүлөт же балдар самыны эзилген

суугa жипти 20—25 минута кайнатса да болот. Ал үчүн сууланып түрүлгөн жипти самындалган жылуу суугa салып, акырындап кайнатуу керек. Кайнап жатканда жипти тынымсыз аралаштырып туруу зарыл.

Каныккан түстөгү түрмөк жипти кубулуп турган бир нече кошумча түскө ээ болгудай кылып агартууга да болот. Ал үчүн мискейдин үстү ченге туура таяк коюп, ага жиптин бир учун илип, экинчи учун самындуу суугa салыш керек. Жиптин ал учун каалаган түскө чейин агартып, андан кийин аны жылдырып, экинчи бөлүгүн андан кыйла ачыгыраак агартса болот ж. б. у. с.

**Түс жөнүндө**. Кийимге түшүрүлүүчү түрдү (кеште) жана кийимдин формасы менен фасонун тандоодо жипти коoздоонун түсүн тандоо чоң мааниге ээ.

Түс — бул жарыктын көзгө берген таасиринин натыйжасында пайда болгон сезим. Эгер жарыкты призма аркылуу өткөрсө анда ал спектрди түзөт. Көзгө көрүнгөн спектр көк түстөн кызыл түскө чейин үзгүлтүксүз өзгөрүп туруучу түстөрдүн ыраатын элестетет. Спектрдин түстөрү ар дайым белгилүү ырааттуулукта болот. Кызыл сарыга, сары жашылга, жашыл көк жашылга, андан кийин көгүлтүргө, көгүлтүр көккө жана көк кызгылт көккө өтөт. Эгер спектрдин түстөрүн ушул эле тартипте тегерекке жайгаштырсак, анда көк-кызгылт көк менен кызылдын ортосунда кара-кочкул түс жайгашат.

Ал түс жайгашкан тегеректи экиге бөлсөк, анда бир жарымына кызыл, кызгылт-сары, сары жана саргыч-жашыл түстөр, экинчи жарымына көгүлтүр-жашыл, көгүлтүр-көк, көк-кызгылт, көк түстөр кирет. Тегеректин биринчи жарымы шарттуу түрдө жылуу түстөр деп аталат да, алар кызытылган нерсенин, от, күндүн жарыгынын түстөрүн эске салат. Тегеректин экинчи жарымы шарттуу түрдө салкын түстөр деп аталып, алар суу, муз, металл, б. а. кандайдыр муздак нерсенин түсүн элестетет.

Ар кандай түс тону (түстүүлүгү), ачыктыгы жана каныккандыгы менен мүнөздөлөт. Бардык түстөр хроматика-

лык жана ахроматикалык болуп бөлүнөт. Хроматикалык (боёлгон) түскө ак, кара жана боздон башка бардык түстөр кирет. Бул спектрдин түстөрү. Алар тондук түстөр деп да аталат. Ахроматикалык (түссүз, боёлбогон) түскө ак, боз, кара түс кирет. Алар бейтарап деп да аталат.

Бириктиргенде ак же боз түстү берүүчү эки хроматикалык түс, б. а. ахроматикалык түс кошумча түс деп аталат. Адатта бул түстөр түс тегерегинин диаметринин карама-каршы учтарында жатат.

Кызыл түскө кошумча түс иретинде-көгүлтүр-жашыл, кызгылт-сарыга — көгүлтүр, сарыга — көк жашгылт-сарыга — кызгылт-көк кирет.

Кошумча түстөрдү катар койгондо алар өз ара түстүн каныккандыгын күчөтөт. Түстүн бул касиетин билгенден кийин, аларды бирдей өлчөмдө алууга болбойт: анын бири негизги, экинчиси кошумча болуш керек.

Катар турганда ар кандай түстөр бири бирине таасир этет. Ар кандай түс (хроматикалыктай эле ахроматикалык да) кыйла күңүрт түстөрдүн ортосунда болуп калса ачык көрүнөт, ал эми кыйла ачык түстөрдүн ортосунда болуп калса күңүрт көрүнөт.

Кийимди түйүүдө жасалгасы кичирээк болсо ачык көрүнөөрүн эске алуу керек. Жердиги көк жиптен түйүлгөн кийимге кызыл жана жашыл жиптен жасалга салынса, анда кызыл жип кийимди жаркырата ачып көрсөтөт, ал эми жашыл жип анча байкалбай кийимге «жутулуп» турат.

Түс нерсенин формасын жана чоңдугун өзгөртүп көрсөтүшү да мүмкүн. Эгер бир нерсенин бетине кызыл жана көк темгилдерди түшүрүп, алыстан караса кызыл темгилдер көккө караганда жакынырaактай көрүнөт. Ачык жана жылуу түстөр кара жана салкын түскө караганда жакынырaактай сезилет. Ошондуктан жылуу түс буюмду чоңойтуп, салкын түс кичирейтип көрсөтөт. Түстүн бул касиеттери кийимдин кандайдыр бир бөлүгүн өзгөчөлөөдө, фигуранын кемчилигин жашырууда пайдаланылат.

Кийим түйүү үчүн жиптин түсүн тандоодо кийимдин кайсы жаштагы адамга арналышын, анын фигурасынын өзгөчөлүктөрүн; көзүн, өңүн, чачынын түсүн да эске алуу керек.

Сууга түшүү костюму же спорт костюму — каныккан карама-каршы түстөгү, сый жана салтанаттарга кийилүүчү кийимдер — фасонуна жараша оригиналдуу түстөгү, күндөлүк кийилүүчү кийимдер — жагымдуу түстөгү жиптерден түйүлгөнү максатка ылайыктуу.

**Жипти боёо.** Жипти боёгонго эмалданган таза идиш пайдаланылат. Башка идиш боёктун түсүн өзгөртүп жиберет. Жандырылган жүн жипти зарыл болсо боёо талап кылынат. Анткени, анын өң жагы оңуп, түсү тегиз болбой калышы да мүмкүн. Ал үчүн түрмөк жипти самындуу жылуу сууга салып, акырындык менен 20 минутадай ысытат. Жипти тынымсыз аралаштырып туруу керек. Эгер суу боёктуу болуп кетсе, аны төгүп таза суу менен алмаштыруу зарыл. Анан жипти чайкап, ошондон кийин гана боёсо болот. Жуугандан кийин кургатпай туруп боёкко салса, буюм тегиз боёлот. Жаңы жипти жууп жиберип, анан боёсо боёкту жакшы алат. Боёкко жакшы кирген буюм же кийим көздүн жоосун алып, демократ акын Тоголок Молдо ырдагандай:

«Боёгун жакшы кандырган,
Боосу терме кажары,
Адамдын көзүн талдырган»—

түргө келет.

Керектүү өлчөмдөгү боёкту идишке салып, үстүнө бир кол менен кичинеден кайнак суу куюп, экинчи кол менен бүртүксүз болгуча аралаштыруу керек. Ошондон кийин гана анын үстүнө 1 пакет боёкко 0,5 литр суу туура келгендей кайнатылган ысык суу куюлат. Бирок тынымсыз аралаштырып туруу керек. Андан кийин боёкту сүзүп, жип боёлуучу идишке алдын ала куюлган 40—50°С жылуу суу куюлуп, жип боёкту жакшы алсын үчүн боёк

эритмесине туз же ачык суу кошулат. Боёлгон жип толук муздаганга чейин боёкто турганы жакшы.

Бир эле түрмөк жипти 3—4 өңгө боёо жипти агартуудай эле жүргүзүлөт. Бирок жиптин бир учун боёп кургатып, анан башка түстөгү боёкко дагы бир бөлүгүн боёп кургатып, анан үчүнчү түстөгү боёкко дагы бир бөлүгүн боёйт ж. б. у. с.

Жип тегиз боёлсун үчүн боёк эзилген суу көбүрөөк болуп, ага салынган жип көрүнбөй турганы жакшы. Эски жипти боёордо так, темгилдерин тазалап, жууш керек. Антпесе так бар жерге боёк сиңбейт. Кебез жипти сода, самын эритилген суугa 35—40 минута кайнатса, жиптин крахмалы кетет. Жүн жана жарымы жүн жиптерди ашыкча майын кетириш үчүн жууп, жылуу суугa чайкаш керек. Тагы кетпей калган жипти каралжын түскө гана боёгон оң. Жүн жип чатышып калбасын үчүн аны түрүп, бир нече жеринен кебез жип менен бош байлап, бышык жоон жипке тизип, анан боёш керек.

Жипти боёордон мурда үлгү катары бир учуктай жипти боёп көрүү сунуш кылынат.

Жипти кайта боёодо жиптин жердик түсүн жана кайсы түскө боёо керектигин эске алуу керек.

Бардык жипти кара түскө боёого болот, бирок баары бир ал күрөң же көгүш өңдөнүп калат. Ак жип бардык түскө боёлот. Көк, кызыл жана сары түстөгү жиптерди боёп, каалагандай түс алууга болот.

Төмөнкү таблицада түстүү жипти керектүү өңгө боёо үчүн кандай боёк колдонулаары келтирилген. Мисалы, кызыл жипти жашыл боёкко боёсо күрөң түстөгү жип алынат.

Жүндү боёодо жазгы уяң жүн боёкко жакшы кирет. Ал эми кылчык жүндү боёгондо, аны боёкко абдан кандыра салып, муздак суугa жакшылап чайкаш керек. Антпесе, кылчык жүн боёгондо бир аз бозомук болуп калат. Бир койдун жүнүн (3 кг) боёгонго 10 литр суу, 200 грамм боёк керектелет.

1-таблица

**Түстүү жиптерди керектүү өңгө боёо үчүн боёкторду ылгоо**

| Боёлуучу жиптин боёлгонго чейинки түсү | Боёктун түсү | Жиптин боёлгондон кийин алынган түсү |
|---|---|---|
| 1 | 2 | 3 |
| Кызыл | Көк | Кызгылт-көк |
| | Сары | Кызгылт-сары |
| | Күрөң | Күрөң-кызыл |
| | Жашыл | Күрөң |
| | Кара | Кочкул-күрөң |
| | Кызгылт-көк | Апарман |
| Көк | Кызыл | Кызгылт-көк |
| | Сары | Жашыл |
| | Жашыл | Көгүлтүр жашыл |
| | Күрөң | Кочкул-күрөң |
| | Боз (сур) | Чымкый-көк |
| Сары | Кызыл | Кызгылт-сары |
| | Кызгылт-көк | Киргил-күрөң |
| | Көк | Жашыл |
| | Жашыл | Ачык-жашыл |
| | Күрөң | Ачык-күрөң |
| | Кочкул-жашыл | Жашыл |
| | Боз | Саргыч-жашыл |
| | Кара | Кара |
| Күрөң | Кызыл | Кызгылт-күрөң, |
| | Көк | Кочкул-күрөң |
| | Сары | Саргыч-күрөң |
| | Жашыл | Күрөң-жашыл (хаки) |
| | Кызгылт-көк | Кочкул-күрөң |
| | Боз | Кочкул-күрөң |
| Жашыл | Кызыл | Күрөң |
| | Күрөң | Күрөң-жашыл (хаки) |
| | Кызгылт-көк | Жашгылт-күрөң |
| | Кара | Жашгылт-кара |
| Кызгылт-көк | Кызыл | Чымкый кызгылт-көк |
| | Сары | Жашгылт-күрөң |
| | Күрөң | Кочкул-күрөң |

| 1 | 2 | 3 |
|---|---|---|
| | Жашыл<br>Көк | Жашгылт-күрөң<br>Көгүлтүр, кызгылт-көк |
| Боз (сур) | Кызыл<br>Көк<br>Сары<br>Күрөң<br>Жашыл | Күрөң-бозомук<br>Чымкый-көк<br>Саргыч-жашыл<br>Кочкул-күрөң<br>Бозомтук-жашыл |

**Боёк өсүмдүктөр**. Жип, жүн боёодо ар кандай өсүмдүктөрдүн кабыгы, жалбырагы, ашы, тамыры ж. б. пайдаланылганы белгилүү, ал түгүл айрым чебер уздар азыркы күндө да кеңири колдонушууда. Боёодо алардын жаңысы да, кургатылганы да пайдаланылат. Күчүн жоготуп койбос үчүн өсүмдүк көлөкө жерге кургатылат.

Өсүмдүктөн боёк эритмесин алуу үчүн аны көлөкөгө кургатып, жанчып, майдалап, 100 грамм өсүмдүккө 1,5 литр суу куюп жарым сааттай жаап коюш керек. Боёгу жакшы чыксын үчүн сода кошсо да болот (1 литр сууга 1 чай кашык). Андан кийин тапка анда-санда аралаштыруу менен 1,5 сааттай кайнатылат. Алынган экстратты куюп алып, өсүмдүктүн үстүнө дагы суу куюп 1 саат кайнатылат. Анан эки эритмени бириктирип, тундуруп коюш керек. Ага боёлуучу жипти салып 2 саат кайнатса жип боёлот.

Боёгондон кийин боёкту бекитүүчү же каалаган түскө киргизүүчү зат кошулбаса боёлгон жип (буюм) көп учурда бозомук же ачык-күрөң түскө ээ болуп калат (жогоркуларга андай зат кошпосо да болот). Андай заттын ар кандайын кошуудан бир эле боёк ар кандай түскө ээ болот. Ачык түстү алуу үчүн ачык таш, күңүрт (кочкул) түстү алуу үчүн көк таш колдонулат. Кээде туз, ачык суу, кайыңдын күлү ж. б. пайдаланылат. Мисалы, жазында карагайдын ийне жалбырагын жыйнап, аны менен жипти

боёодо көк таш кошулса жашыл, жаш тобурчагына ачык таш кошсо — бозомук, күрөң; эски тобурчагына ачык таш кошсо — сары; анардын кабыгына көк таш кошсо — кара күрөң түс алынат.

2-таблица

**Төмөнкү таблицада кайсыл өсүмдүктөн кандай түс алынаары берилген (толук эмес тизмеси)**

| Өсүмдүк, боёк алынуучу бөлүгү | Алынуучу түс |
|---|---|
| Карагай, кургатылган кабыгы | Сары |
| Козу кулак, жалбырагы | Кочкул-кызыл |
| Көк чай чөп | Күлгүн-кызыл |
| Моюл, бышкан мөмөсү | Кызыл |
| Пияз, кургак кабыгы | Кызгылт-сары |
| Тал, кургатылган кабыгы | Сары |
| Чие чөп, тамыры | Кызыл |
| Чүкүрү, түбү | Сары |
| Шилби, кургатылган кабыгы | Сары |
| Ышкын, кургатылган тамыры | Кочкул-сары |

**Жипти жууш.** Жүн жипти жууш үчүн адегенде кир самынды өтө майда кырып, ысык сууга эзиш керек. Анын бир азын жылуу сууга (ысык эмес) куюп, жипти мыкчып жууш керек, толгоп жана сыгууга болбойт, анткени жүн жип кирип кетет.

Жипти бир аз эле өлчөмдөгү сууга, улам самын эзилген суудан кошуп баржактап көбүктөнгөнчө жууш керек. Андан кийин ошол эле температурадагы сууга чайкоо сунуш кылынат. Суунун температурасын өзгөрткөндө жүн жип кирип кетет. Чайкалуучу сууга бир аз ачык суу кошулат. Кир жуугуч күкүм самын (порошок) менен жүн жипти жууш сунуш кылынбайт. Анткени күкүм самындын калдыктары оңойлук менен кетпей калып калат да, жүн тез оңот. Жүн жипти адегенде түрүп алып, андан кийин

керектүү сандагы жипти каттап, бир түрмөккө түрүп, самындын көбүгүнө жууса жип кат-кат болуп ажырабайт. Жуулган жипти күнгө, радиаторго, мештин жанына кургатууга болбойт. Жүн жип жуулгандан кийин жумшак жана үлпүлдөк болуп калат. 1 кг жипти жууганга 1 кир самын кетет.

**Жипти түрүү.** Жуугандан кийин жипти түрүү керек. Түйдөк жеңил, жумшак жана үлпүлдөк болгону жакшы. Ошондуктан жипти сол колдун сөөмөйү менен ортонуна бош тарта бир нече орогондон кийин манжаларды чыгарып алып, жиптин абалын өзгөртүп, кайрадан сөөмөй менен ортонго салып жипти түрүү керек. Мындай түйдөктүн бир учу гана болот.

Жипти түрүүнүн дагы бир ыкмасы бар. Бул учурда жиптин эки учу болот. Бири ичинен, экинчиси сыртынан чубалат. Ал үчүн картон түтүккө же тоголоктолгон кагазга жипти түрүү керек (14-сүрөт). Түрүлүүчү жиптин учун кагаздын ортосуна же картондун четиндеги оюгуна салуу



14-сүрөт




15-сүрөт

керек. Анан жип түтүктүн кесигине параллель жайгаштырылып бир нече оролот, ал эми калган оромдор ага бурч менен түрүлөт. Бир кол менен ороп, экинчи кол менен түтүктү айландыруу керек. Бардык жип түрүлүп бүткөндө, аны түтүктөн чыгарып алса болот. Эгер түйүү үчүн бир эле жип керек болсо, анда аны ичинен алуу керек,

анткени ал оңой чыгып, түйдөк бул учурда кыймылсыз турат. Ийикке ийрилген жип ушул ыкма менен түрүлөт. Түйүү үчүн эки жип керек болгон учурлар да болот. Анда жип эки учунан — ичинен жана сыртынан алынат. Түйүп жатканда түйдөк сол жакта жатыш керек.

**Жип даярдоо.** Түймөнү баштаардын алдында түйүлүүчү кийимге жеткидей жип даярдап алган оң. Канча жип керектиги моделде көрсөтүлөт. Кандай кийим болбосун 50—100 грамм жипти ашыкча алган жакшы, анткени кийим түйүлүп бүтөөрдө кокус жетпей калса түйүп жаткан адам бушайман болот. Анткени аз эле жери бүтпөй калган кийимди же жандыруу керек болот, же болбосо дал ошондой жип табуу талап кылынат. Бул болсо түймөнү ар ким ар кандай аткарарлыгы менен түшүндүрүлөт. Бирөө бекем тартып түйсө, бирөө бош тартып түйөт. Ошондуктан тыгыздыгы жана салмагы ар кандай болгон кийим түйүлөт. Жип даярдоодо ушул өзгөчөлүктү эске алуу керек.

## ФАСОН ЖАНА ҮЛГҮ

**Фасонду тандоо.** Түйүлүүчү кийим үчүн фасонду тандоодон мурун төмөнкүлөрдү аныктоо талап кылынат: кийим кимге түйүлөт жана аны кийүүчү адамдын бети тегерекпи же чап жаакпы, моюну узунбу же кыскабы, ийиндүүбү же ийини шөлпөгөйбү, далылуубу же кыска далылуубу, жамбаштуубу же жамбашы кичинеби ж. б.

Моюну кыскаларга бийик жака, тегерек жана тик бурчтуу жака оюктары (каре) бар кийим түйгөнгө болбойт. Кыска жака жана кыйгачтанта бычылган кыйык жака оюгу бетти жана моюнду узартып көргөзөт. Эгер моюн узун болсо, анда төмөн жагы менен туташ түйүлгөн жака, тик жака, «каамыт» жака, свитердин бийик жакасы, «кайыкча» жака сунуш кылынат.

Түз ийинди реглан жана погондуу кең бычуу менен

«тегеректөөгө» болот. Ичке жана шөлпөйгөн ийин чоң жака жана кокетканын жардамы менен кеңейтилет. Ал түстүү же даана түшкөн тууралжын тилке менен түйүлөт, ошондой эле тар бурч формасында жасалат. Өтө эле шөлпөйгөн ийин үчүн кийимдин ийининин астына кичине жаздыкча койсо болот.

**Үлгү.** Керектүү өлчөмгө жараша өз өлчөмүндө кагазга үлгү чийип, кесилип алынат. Эгер кийимдин боору топчулама болуш керек болсо, анда бир эле өңүрдүн үлгүсүн чийсе болот. Боору туюк болсо, анда толук чийилет. Уча жана жеңдин үлгүсүн толук боюнча чийген оң. Үлгүнү кишиге ченеп көрүп, чөнтөк, таноо, белинин кандай болорлугу, колтук оюгунун формасы, ийин узундугу ж. б. такталат. Түйүү үлгүсүн жоон илме шибеге же шиш менен, орточо жоондуктагы ачык түстүү жипти пайдаланып жасоо сунуш кылынат. Анткени ал санаганга да, ченегенге да ыңгайлуу, ал эми ичке жиптен түйүү кыйыныраак болуп, көрүнүшү ойдогудай болбойт жана илмек менен тик катарларды саноо кыйыныраак.

**Негизги түрдүн үлгүсү.** Жип, шиш же илме шибеге жана үлгү даярдалгандан кийин негизги түрдүн үлгүсү түйүлөт. Ал ошол кийимди түйүүдө пайдаланылуучу шиш же илме шибеге жана жип менен түйүлүшү керек. Үлгүнү негизги түрдү түйүүдөн баштабай, жасалгадан баштоо (1×1 резинка, жоолуктук түймө ж. б.) сунуш кылынат. Бул учурда жасалга үчүн негизги түргө жеткидей илмек жасалат. Мисалы, үлгүнү жоолуктукундай түймө менен 27 илмек менен баштаса болот. Бул учурда бардык катарлар оң илмектер менен түйүлөт. 3—4 см түйгөндөн кийин негизги түрдү түйүүгө киришүү керек. Ага англис «резинкасын» сунуш кылууга болот. Анын биринчи катары — 1 оң, 1 чалма, 1 илмек түйүлбөстөн шиштен шишке өткөрүлөт ж. б. у. с., экинчи катары — 1 чалма, 1 илмек түйүлбөстөн шиштен шишке өткөрүлөт, 1 оң илмек (чалма илмек менен бир илмек катары оң түйүлөт). Резинка менен 6—7 см түйүлгөндөн кийин, илмектер бекитилет.

**Түймөнүн тыгыздыгын аныктоо.** Ишти башташ үчүн шишке канча илмек жасап алыш керек? Ал үчүн негизги түрдүн үлгүсү боюнча түймөнүн тыгыздыгы эсептелет, башкача айтканда түйүлгөн буюмдун 1 см аралыгына канча илмек туура келээри аныкталат. Бул учурда жүн жиптен түйүлгөн тор кийим туурасынан чоюлаарын эске алыш керек. Тыгыздыкты эсептөө сууланган чүпүрөк аркылуу үлгүнү үтүктөгөндөн кийин гана жүргүзүлөт. Аны эсептөөдө сантиметрдик тасма эмес, жөн сызгыч колдонсо, эсеп кыйла тагыраак болот.

Түймөнүн **тыгыздыгын аныктоонун** эки ыкмасы сунуш **кылынат.**

**Биринчи ыкма.** Сызгычты үлгүнүн орто ченине коюп, 5 см жерине туура келген илмектердин саны эсептелип, ал санды 5ке бөлсө 1 см деги илмектердин саны, б. а. түймөнүн тыгыздыгы алынат (15-сүрөт). Эгер ал сан бөлчөк сан чыгып калса, аны эч качан тегеректөөгө болбойт. Мисалы, 5 см де 12 илмек болсо, анда 12 : 5=2,4 илмек болот. Демек түйүү тыгыздыгы 2,4кө барабар. Түйүү тыгыздыгын билгенден кийин үлгүгө жараша ар бир бөлүк үчүн илмектердин санын эсептөө оңой эле болуп калат. Мисалы, учанын эни 50 см болсо, анда шишке 50·2,4=120 илмек жасоо керек.

**Экинчи ыкма.** Учанын үлгүсүн алып, анын энине үлгү канча жолу коюлаарын эсептөө керек. Мисалы 4 жолу коюлсун дейли. Анда үлгүнүн эни 30 илмектен турса, анда уча үчүн 30·4=120 илмек жасоо керек болот.

Түйүү тыгыздыгы аныкталган соң иш башталат. Адегенде жең, анан уча, акырында алды (өңүрлөрү) түйүлөт. Анткени ал төмөнкүлөр менен байланыштырылат: 1) Түйүү учурунда жип жетпей да калышы мүмкүн. Анда жең жана учаны бир түстөгү жип менен түйүп, алдын жол-жол кылып, башка жип кошуп түйсө да болот. 2) Эгер кокусунан жең үчүн илмектин саны туура эмес эсептелип калса, анда жеңди жандыруу уча менен өңүрлөрдү жандырууга караганда анча өкүнтпөйт. 3). Алдын (өңүр-

лөрүн) акырында түйүү жакпай калган жака оюгун, бөйрөмчөсүнүн жазылыгын, чөнтөгүн ж. б. өз учурунда ондоого мүмкүнчүлүк түзөт.

## ИЛМЕ ШИБЕГЕ МЕНЕН ТҮЙҮҮ

Илме шибеге менен түйүү көркөм кол өнөрчүлүктүн бир түрү. Анын бир гана эң жөнөкөй түрү болгон чынжыр илмекти (бул орусча адабияттарда «воздушная петля» деп аталат) жана чынжыр илмектерден түзүлгөн чынжырчаны жасап үйрөнүү менен айрым буюмдарды түйүп алууга болот. Чынжыр илмекти жасап үйрөнүүдө сөөктөн жасалган илме шибеге менен ачык түстөгү жоон жип, сутаж же ичке боону пайдалануу ыңгайлуу.

Илме шибеге менен түйүүнүн эки түрү белгилүү. Анын биринчиси — тегиз (түз) түйүү, экинчиси — айланта (тегерете) түйүү.

**Тегиз түйүү.** Бул ыкма менен сүлгү, моюн орогуч, майлык сыяктуу тегиз буюмдар токулат. Анын оң тетириси (өңү жана ичи) болбойт. Бир катарды түйүп, аягына жеткенде түймөнү экинчи бетине айландырып, ошол илмектен баштап кайра артын карай кийинки катар түйүлөт. Ушинтип улам кийинки катарлар түйүлө берет.

**Айланта түйүү.** Бул ыкма менен тегерек, цилиндр формасындагы, мисалы, байпак, кол кап ж. б. тор кийимдер түйүлөт.

Айрым кийимдерди түйгөндө аны кичиртүү же кеңейтүү керек болот. Ал үчүн бир канча илмекти кемитүүгө же кошууга туура келет. Кеңейтүү керектүү санда түйүлгөн чынжыр илмектердин эсебинен жүргүзүлөт. Ал эми кичиртүү илмектердин санын кыскартуу аркылуу аткарылат.

Илме шибегени оң колго карандаш же калем сап кармаган сыяктуу бармак жана сөөмөй менен ортонго такап кармоо керек. Сөөмөй алдыга сунулуп, илме шибегенин

үстүнөн басып турат (16-сүрөт). Кол эркин кыймылдап, чыканак бир нерсеге тийбей турганы оң.



16-сүрөт

Түйүлүүчү буюм же кийим тегиз түшсүн үчүн жипти бир калыпта, б. а. илмектердин өлчөмүн бирдей алуу сунуш кылынат. Илмекти моделде берилген схема же үлгү боюнча санына жараша жасоо керек. Эгер санабай илмек жасаса жана илмектин өлчөмүн сактабаса түйүлүп жаткан буюмдун же кийимдин формасы бузулат.

**Алгачкы илмек.** Буюмду же кийимди түйүү алгачкы илмектен башталат. Алгачкы илмекти жасоо үчүн илме шибегени оң колго алып, жиптин учун илмек түрүнө келтирип сол колдун бармагы жана сөөмөйү менен кармаш керек. Илмекке илме шибегенин илгегин киргизип, жиптин түрмөгүнө кеткен жагын ага илип, илмек аркылуу тартып чыгарат. Андан кийин жипти кайрадан илип, жаңы түзүлгөн илмек аркылуу өткөрөт. Ушул процессти кайталоо менен чынжыр илмек түзүлөт (17, а, б, в-сүрөт).



а б в

17-сүрөт

Алгачкы илмекти башкача ыкма менен жасаса да болот. Жиптин учун сол колдун сөөмөйүнө алаканды карай арта салып, аны бармак менен басуу керек. Жиптин түрмөктөн келген жагы сол колдун алаканы жана калган

манжалардын ортосунан өтөт. Ал жип ортон жана аты жок менен тартылып, жөнгө келтирилип турат.

Илме шибегенин илгегин солго буруп, жиптин сол жак астынан түртүп киргизет. Жипти сол колдун сөөмөйүнөн жогору тартып, жип илинген илме шибегени жипти айланта саат жебесине карама-каршы жакка бурат. Сол колдун бармагы менен жипти толгонгон жеринен сөөмөйгө басып, илме шибегени кайрадан сол жагынан жиптин астына киргизет. Түрмөктөн келген жипти илгегине илип, илме шибегедеги илмек аркылуу тартып чыгаруу керек. Андан кийин бармакты коё берип, жиптин учун кармап түйүндү тартат. Ушинтип алгачкы илмек жасалат. (18-сүрөт).



18-сүрөт

**Чынжырча**. Экинчи жана андан кийинки илмектерди жасоо үчүн илме шибегени кайрадан сол жагынан жиптин астынан киргизип, жипти илип, илме шибегедеги илмек аркылуу тартып чыгарат. Ушуну кайталоо менен бири бирине илинишкен илмектер жасалып, ал кадимки эле чынжырчаны элестетет. Бул чынжырчанын илмектери чынжыр илмек деп аталат (19-сүрөт).

Илме шибеге менен түйүүнү жакшылап үйрөнүш үчүн адегенде чынжыр илмектен турган боо түйүп көргөн оң. Мисалы, 25 см узундуктагы боо токуш үчүн андан 3 эсе узун, б. а. 75 см жип керек болот.

## ИЛМЕ ШИБЕГЕ МЕНЕН ТҮЙҮҮНҮН НЕГИЗГИ ЫКМАЛАРЫ

**Жарым тик катар**. Чынжырча жасап, илме шибегени өзүндөгү илмектен баштап санаганда чынжырчанын 3-илмегине киргизип, ага жипти илип, чынжырчанын илмек-

руу керек. Кайрадан түйүлүп жаткан жипти чалып, аны илме шибегеде пайда болгон 1-илмек аркылуу тартып чыгаруу зарыл. Илме шибегеге дагы бир жолу түйүлүп жаткан жипти чалып, ал илме шибегедеги эки илмек аркылуу тартып чыгарылат (24-сүрөт). Экинчи тик катар чынжырчанын кийинки илмегине жасалат.



23-сүрөт



24-сүрөт

**Чалмалуу жана чынжыр илмектүү тик катар.** Илме шибегени илмеги жана чалмасы менен чынжырчанын 5-илмегине киргизип, ал аркылуу түйүлүп жаткан жипти тартып чыгаруу керек. Анан илме шибегеге жипти чалып алып, илме шибегедеги биринчи илмекке түйөт (25-сүрөт).



25-сүрөт



26-сүрөт

Кайрадан жипти илме шибегеге чалганда, илмек жана чалма түйүлөт. Жипти дагы бир жолу илме шибегеге чалганда акыркы эки илмек түйүлөт. Илме шибегеде бир илмек калат. Жипти чалып алып, илме шибегени чынжырчанын кийинки илмегине киргизет да, экинчи тик катар түйүлөт.

**Эки чалмалуу тик катар.** Чынжырча жасап, илме шибегеге биринин артынан бирин алып жипти эки чалып, аны чынжыр илмектин 5-илмегине киргизет да, ага түйүлүп жаткан жипти чалып, аны чынжырчанын илмеги аркылуу тартып чыгаруу керек. Илме шибегеде 2 илмек жана 2 чалма пайда болот. Адегенде түйүлүп жаткан жипти илме шибегеге чалып, илме шибегедеги илмек жана биринчи чалма аркылуу тартып чыгаруу керек (26-сүрөт). Андан кийин түйүлүп жаткан жипти чалып, ал илмек жана экинчи чалма аркылуу тартып чыгарылат. Кайрадан жипти чалып, аны илме шибегеде калган 2 илмек аркылуу тартып чыгарат. Үч жана андан ашык чалма тик катарларды жасоодо, керектүү сандагы чалма жасап, илме шибегедеги бардык илмектерди экиден чогуу алып түйүү керек.

## ТУНИС ТҮЙМӨСҮ.

Узун илме шибеге менен түйүлүүчү бул кызыктуу ыкма байыртадан эле белгилүү болгон. Бул ыкма менен ар кандай кийимдер түйүлгөн. Бул түймөнүн артыкчылыгы — жууганда кирбегендиги. Узун илме шибеге менен түйгөндө жиптер тегиз илинишип, буюм чоюлбайт. Ошондуктан, тез-тез жууганга туура келүүчү балдар кийимин узун илме шибеге менен түйгөн өтө ыңгайлуу.

Түйүш үчүн арткы учу тоголок же шакекче түрүндө ийилген тегиз узун илме шибеге колдонулат. Мындай илме шибегени кадимки эле шиштин учун илгек чыгара өгөп жасап алса да болот.

Мындай түймөгө түшүрүлгөн түр кийимдин узуну боюнча түйүлгөн чынжыр илмек болуп эсептелет. Түйүүдө эки катар улам кезектешип түшөт. Адегенде жасалуучу буюмдун энине туура келгидей чынжыр илмек жасалат. Андан кийин ондон солду карай илме шибегеден тартып санаганда үчүнчүсүнөн баштап чынжыр илмектин ар

бир илмегинен катары менен алынып, биринчи катар токулат (27, а-сүрөт). Алынган илмектердин баары илме шибегеге чогулат. Экинчи катарды түйүүдө адегенде бир (биринчи), анан экиден илмек чогуу алынып, солдон оңго карай илме шибегедеги илмектерди улам чыгаруу менен түйүлөт (27, б-сүрөт). Экинчи катар токулгандан кийин




27-сүрөт

илме шибеге менен кайрадан оңдон солду карай тик жайгашкан биринчи катардын ар бир илмегинин астынан алынып, илмек жасалат (28-сүрөт). Ал илме шибегеге чогулат. Кайрадан солдон оңду карай токуу керек. Ошентип ушул тартипте түймө улантыла берет.

Эгер илме шибегени адегенде экинчи, анан биринчи илмектин астынан алса, анда кайчылашкан көркөм түр түшөт.



28-сүрөт



29-сүрөт

Топчулук жана чөнтөк тилигин түйүүдө, алардын өлчөмүнө жараша астыңкы катардан илмектерди калтырып, үстүңкү катардан астыда канча илмек түйүлбөй калса

жипти ошончо жолу илме шибегеге чалып, андан ары түйүп кете берүү керек (29-сүрөт). Андан кийинки катар биринчи катардай токулат.

Бул түймөгө түрдүү түстөгү жиптерди пайдаланса кийим өтө көрктүү болот. Тунис түймөсүнүн ыкмасы менен балдар кийимдерин, моюн орогуч, аялдардын баш кийимин, кофта, юбка, кол кап, жаздык жабуу сыяктуу ар кыл буюмдарды түйсө көргөндүн көзүн талдырган көркөм буюм жана көрктүү кийим жасалат.

## ШИШ МЕНЕН ТҮЙҮҮ

Шиш менен түйгөндү үйрөнүү илме шибеге менен түйгөнгө караганда кыйла татаалыраак.

**Алгачкы илмек.** Түрмөк жиптин учун сол колдун алаканы аркылуу сөөмөй менен ортондун ортосунан өткөрүп, сөөмөйдү айланта алакан жагынан бармакка чалып алып,



а



б

30-сүрөт

алакандагы жип менен кошо аты жок жана чыпалак менен басып кармоо керек (30, а-сүрөт). Алакандагы жиптин учу узун болгону жакшы.

Бирге кармалган эки шишти бармактагы жиптин астынан өткөрүп, андан кийин сөөмөйдөгү жипти алып, шишти кайрадан бармактагы илмекке жогор жагынан киргизүү керек (30, б-сүрөт). Бармактагы илмекти чыгарып жибергенде, ал илмек шиште болуп калат.

**Башталгыч катар.** Башталгыч катардын илмектери бирге кармалган эки шишке жасалат да, андан кийин бир шиш суурулуп алынат. Башталгыч катардын бардык кийинки илмектери алгачкы илмектей эле жасалат. Бул учурда жаңы жасалган илмекти оң колдун сөөмөйү менен шиште кармоо керек. Түрмөктүн жиби сол кол менен бош кармалат. Жипти тарта кармаса илмектер кичинекей болуп, экинчи катарды түйүү кыйындайт.

**Оң жана сол илмектер.** Шиш менен түйүүдө оң жана сол илмектерди түйүүнүн эрежесин жана ыкмаларын көңүл коюп үйрөнүү зарыл. Түймө түйүүнүн ышкыбоздору негизинен анын эки ыкмасын гана колдонушат.


31-сүрөт


32-сүрөт


33-сүрөт

**Биринчи ыкма.** Оң илмек алды жагына келтирилип түйүлөт, б. а. оң шиш илмекке солдон оңду карай киргизилет (31-сүрөт). Мындай оң илмекке белгилүү сол илмек туура келет. Ал 32-сүрөттө көрсөтүлгөн.

**Экинчи ыкма.** Оң илмек арт жагына келтирилип түйүлөт, б. а. оң шиш илмекке оңдон солду карай киргизилет

(33-сүрөт). Ага туура келген сол илмек 34-сүрөттө көрсөтүлгөн. Мындай илмектер байпак, кол кап түйүүдө пайдаланылат. Бул ыкманы фактуралуу түр түшүрүүдө колдонууга болбойт, анткени түймөнүн бети даана түшпөй, айрым коздуктар такыр көрүнбөй калат же бузулуп түшөт. Бул кээде «чоң эне» илмеги жана англисче оң илмек деп да аталат. «Чоң эне» илмегин 1×1, 2×2 ж.б. у.с. резинкаларды жана байпакты түйүүдө колдонуу сунуш кылынат, анткени трикотаж буюм өтө эле тыгыз болуп калат. Мындай илмектер менен даана түшүрүлгөн түр жылмакай болуп, кооз көрүнбөйт.

**Чалма.** Чалма жасоонун 2 жолу бар.

1. Шишти түймөчү өзүн карай кыймылдатат (түз чалма — 35-сүрөт).
2. Шишти түймөчү өзүнөн сыртты карай кыймылдатат (тескери чалма — 36-сүрөт).


34-сүрөт


35-сүрөт


36-сүрөт

Тескери чалма кол менен түйүүдө өтө эле аз колдонулат. Англисче резинка тибиндеги ж. б. түшүрүлгөн түрлөр мындай чалма менен алынбайт, анткени асем торчолуу түр түшүрүүдө арасы өтө эле алжырак болуп калат.

Түз чалма төмөнкүчө алынат: оң шиш менен сөөмөйдөгү түйүлүүчү жипти түйүүдө шишти түймөчү өзүн карай кыймылдатып алат. Эгер түз чалмадан кийин илмекти түйбөй эле шиштен шишке өткөрүүгө туура келсе, анда шишти бул илмекке ондон солду карай киргизүү керек

(35-сүрөт). Бул чалмадан кийин оң илмек оңой эле түйүлөт, ал эми сол илмек түйүү керек болсо, анда аны түйүүдө чалманы шиштен чыгып кетпес үчүн оң колдун сөөмөйү менен кармап туруш керек.

**Четки илмектер.** Ар бир катардагы биринчи жана акыркы илмектер четки илмектер болуп эсептелишет. Катардын башындагы биринчи четки илмек оң шишке өткөрүлөт, акыркы илмек оң же сол алынат.

## ТҮЙҮҮНҮН ТҮРЛӨРҮ

**Жоолуктукундай түйүү.** Мындай түйүүдө өңүнөн жана ичинен сүрөттөрү бирдей болуп түшөт. Ал шарф, жоолук, жака түйүүдө пайдаланылат. Жоолуктукундай түйүү менен аткарылган буюм калың болуп, чети кайрылбайт, ошондуктан ал көп учурда жасалга катары колдонулат, аны менен жең учун, бөйрөмчө, кур ж. б. түйүлөт. Кийим түйүү учурунда жоолуктукундай түйүүгө өтүш үчүн эки шишке жасалган илмектен бир шишти сууруп алып аны оң колго, ал эми илмектүү шишти сол колго кармоо керек. Түрмөктөн алынган жипти сол колдун сөөмөйүнө келтирип, аны калган манжалар менен бош кармоо зарыл. Биринчи илмек түйүлбөстөн, сол шиштен оң шишке өткөрүлөт. Мындай түйүүдө буюмдун чети тегиз түшөт. Экинчи жана андан кийинки илмектер оң илмек менен түйүлөт.



37-сүрөт

**Байпактыкындай** түйүү (37-сүрөт). Айланта түйүүдө оң иллмектер менен, тегиз түйүүдө бир катар (өң жагы) оң илмек, экинчи катары (ич жагы) сол илмек менен түйүлөт.

**«Резинка»** деп оң жана сол илмектер белгиленген санда жана тартипте (мисалы, 2 оң —2 сол, 2 оң —2 сол ж. б.) кезектешип кайталануучу түйүү аталат, 1, 2, 3, 4, 5 илмекти ке-

зектештирип кайталаса да болот. Мындай түшүрүлгөн түрдүн «резинка» деп аталган себеби түймөнүн туурасы чоюлуп, кайра алгачкы формасына келиши мүмкүн. Түшүрүлгөн түрдүн (сүрөттүн) кайталануучу бөлүгү р а п п о р т деп аталат.

**Оң түймө.** Бул буюмдун өңүнө оң, ичине сол илмек менен алынат. Ар бир катарда биринчи илмек сол шиштен оң шишке өткөрүлөт, ал эми эң акыркысы сол илмек менен түйүлөт.

Оң түймө менен дивандын жөлөнгүчүнө тыш кап, вазанын астына салынма салфетка түйсө болот.

## ИЛМЕ ШИБЕГЕ ЖАНА ШИШ МЕНЕН ТҮЙҮЛҮҮЧҮ АЙРЫМ БУЮМДАР ЖАНА КИЙИМДЕР

**Вазанын астына салынуучу салфетка** (шиш). Мындай салфетка 200×200 мм өлчөмүндөгү чарчы формада оң түймө менен жасалат. Анын четтерине түстүү жиптен чачык жасап такса да болот.

**Башмак** (илме шибеге). Жүн же кебез жиптен буту баса элек балага башмак түйсө болот. Башмак анын башын (тумшугун) түйүүдөн башталат. Адегенде 6 илмектен турган чынжырча жасап, ал бириктирилип түйүлөт. Ал үчүн илме шибегени түйүлүп жаткан жиптен алынган илмеги менен четинен эсептегенде экинчи илмекке киргизип, чалмасыз тик катар түйүлөт. Чынжырча боюнча дагы 4 тик катар түйүлөт. 3 чынжыр илмек жасап, чынжырчаны карама-каршы жагынан айланта түйүү улантылат (38, а-сүрөт). Андан кийин экинчи катарга өтүп, 3 чынжыр илмек жайгашкан жерге чейин согулат. Буттун дөңү келген жерди тегиздөө үчүн бул катарга дагы 3 илмек кошулат (38, б-сүрөт).

Бул илмектерге ар бир катарда экиден кошумча чалмасыз тик катар түйүлөт. Көтөрүлүп (бийиктеп) бараткан жакка карама-каршы жагы таман болуп эсептелет.

14—15 катар түйүп, 38, в-сүрөттөгү бөлүгү алынат. Андан ары жипти үзбөстөн башмактын апкыты түйүлөт. Согончоктун четтерин тигип же илме шибеге менен бириктирүү керек.




38-сүрөт

Башмакты коoздоо үчүн үстүңкү четин чалмасыз тик катар же чалмалуу тик катар менен тегерете токуп коюу керек. Боо эшип же согуп, кызыл ашык чендеи башмакка өткөрүп койсо болот (39-сүрөт). Боонун учун бекитип же чачылап койсо кооз көрүнөт.

**Баштык** (40-сүрөт). Адегенде баштыктын үлгүсү үчүн 25×40 см өлчөмүндөгү тик бурчтук чийилет. Кичине жагынын тең ортосун белгилеп, ага бийиктиги 12 см болгон перпендикуляр түшүрүлөт. Перпендикулярдын учу тик бурчтуктун эки чокусу менен бириктирилет. Алынган АВС үч бурчтугу баштыктын капкалдырыгы болуп эсептелет. АВ жагы болсо бүктөм сызыгы болот. Экинчи бүктөм сызык (баштыктын түбү) тик бурчтуктун дал ортосунан чийилет.

Адегенде үлгү согуп көрүп, илмектердин саны эсептелет. Андан кийин тик бурчтуктун узун жагынан баштап 40 см түйүлөт (капкалдырык эсепке алынбайт).

Тик бурчтук жоолуктукундай түймө менен аткарылат. Бул учурда түстүү жип кошуп жол-жол кылып түр түшүрө түйсө да болот. 25 см түйүп, илмектер бекитилет.

Алынган тик бурчтуктун кичине жагына өңүнөн капкалдырыгы үчүн илмек жасалып, ал жоолуктукундай түймө менен түйүлөт. Ал үч бурчтук формасында болуш үчүн ар бир катардын акырында 2 илмек бирге сол түймө менен токулат. Түйүү шиште 3—4 илмек калгыча улантылат. Акырында ал илмектер бекитилет.

Андан кийин тик бурчтукту эки каттап жан жагы тигилет. Қапкалдырыгына илме шибеге менен бүчүлүк түйүлүп, ага боо тагылат жана капкалдырыгынын ортосуна топчу же тырс этме (кнопка) кадалат. Баштыктын этегине чачы такса да болот.



39-сүрөт




40-сүрөт

**Китеп закладкасы** (шиш). Ал тик бурчтуу формада 40×150 мм өлчөмүндө жасалат. Ал үчүн 10—12 илмек жасап, жоолукту түйгөндөй түйүп, 150 см болгуча түйүү керек.

**Туткуч** (шиш). Чарчы формада 150×150 мм өлчөмүндө жасалат. Ал үчүн 54×56 илмек жасап, жоолуктукундай түйүү менен согуп улантылат. Бир бурчуна сызмадан бүчүлүк жасалат.

Бул эки буюмду теӊ сайма, аппликация менен кооздосо же илме шибеге менен тегерете түйүп койсо болот.

**Туткуч** (илме шибеге). Тегерек туткучту ортосунан баштап ар бир катарга 10—12 ден тик катар кошуу менен түйсө болот. Тегеректин диаметри 10—12 см болгондо ишти аякташ керек. Четин мүйүзчөлөнтө түйүп, коздоп койсо жарашыктуу көрүнөт.

**Моюн орогуч** (шиш). Моюн орогучтун эни чоңдор үчүн болжол менен 20—25 см, балдар үчүн 10—15 см болот. Ал ар кандай түстөгү жиптерден жоолуктукундай түймө менен түйүлөт. Түйүлүүчү моюн орогучтун так өлчөмүн эсептөө үчүн адегенде анча чоң эмес үлгү түйүү сунуш кылынат. Эгер моюн орогучтун эни 20 см болуш керек болсо, анда шишке адегенде 50 илмек жасалат. Үлгү моюн орогуч түйүлүүчү жип жана шиш менен түйүлөт. Үлгү үчүн шишке, мисалы 50 илмек жасалат, андан кийин тандалган түйүү менен 10 катар түйүп илмектер бекитилет. Үлгү жакса, ага улай моюн орогучтун өзүн түйүп, бүткөндө үлгүнү жандырып салуу керек.

**Моюн орогуч** (илме шибеге). Балдардын жылуу моюн орогучу үчүн 80 грамм жүн жип керек болот. Ал тыгыз же асем торчолуу түймө менен түйүлөт. Майда балдардын моюн орогучунун эни 20 см, чоңураактарыныкы 25 см болот. Узундугу 70—90 см.

Түйүү керектүү узундукта чынжырча жасап алуудан башталат. Алдын ала жиптин түсүн, тилкенин энин аныктап алып, жол-жол кылып түйсө да болот.

**Топу** (илме шибеге). Топу түйүүнүн белгилүү эрежелери бар. Түйүүдө ал эрежелерди эске алуу керек. Алар төмөнкүлөр:

1. Адегенде топу түйүлүүчү жиптин түсүн жакшылап ойлонуш керек. Ал адамдын кебетесине гана жарашып турбастан, кийимине да көрк берип турган оң. Ар кандай түстөгү жиптерди аралаштырып колдонсо да болот.

2. Тегерек формадагы жана калпак тибиндеги топуну жоон жүн жиптен (2 катталган № 32/2 жиптен) № 5 же 6-шиш менен түйүү сунуш кылынат. Бул болсо керектүү формадагы моделди алууга мүмкүндүк түзөт. Берет гана

ичке жиптен түйүлөт. Эгер мохер (түктүү үлпүлдөк) жиптен түйүлсө, анда ага жүн жип кошуу керек.

3. Адегенде топунун жогор жагын (тулкун) түйүп, андан кийин илме шибеге менен кайырмасын түйгөн оң. Кайырма чалмасыз тик катар менен тегерете түйүлөт.

4. Илме шибеге менен түйүлгөн топу формасын көпкө сактап, көп чоюлбайт. Аны түйүү эреже катары так төбөсүнөн башталып, тегерете түйүлүп улантылат.

5. Топунун фасону аныкталгандан кийин, чени алынат. Алгач кайырмасы келүүчү сызыгы ченелет, ал баштын айланасына барабар болуп, баш кийимдин өлчөмүн аныктайт (41-сүрөт). Мисалы, баштын айланасы 56 см болсун. Так төбөдөн маңдайга (16 см), анан кежигеге (17 см) жана акырында кулактын көнчөгүнө чейин (21 см) ченелет. Акырында кулактын алдынан кежигенин чуңкуруна чейин (11 см) ченелет. Алынган чен боюнча үлгү-негиз жасалат (42-сүрөт).

6. Топунун жогорку бөлүгү тегерек формада болсун



41-сүрөт



42-сүрөт

үчүн (бүйүрмөлөнбөй жасалып) төбөсүнөн 8—9 см түйүлгөндөн кийин илмектерди кемитүү башталат. Ал катар аттатып кемитилип, бир катарда 7—8 ге чейин гана илмек кемитилиши керек.

**Топу** (шиш). Шиш менен топу түйүү үчүн керектүү өлчөмгө жараша илмектердин саны эсептелип, шишке

ошончо илмек жасалат. «Резинка» менен 12—15 катар түйүлөт. Андан кийин өңү оң илмек, ичи сол илмек менен түйүлүп улантылат.

Тик бурчтук түрүндө чыккан полотнону цилиндрдей кылып тигип, андан соң акыркы катарды жипке өткөзүп туруп, бүйрүп чогултуп тартыш керек. Бул жерге (так төбөсүнө) чачы такса да болот.

**Дубалга илинме килемче «Марал»** (шиш). Килемченин өлчөмү 90×50 см. Жердиги меланж жип (ак жана көгүлтүр түстөгү жиптерден бириктирилип ийрилген жарымы жүн жип), түр түшүрүү үчүн күрөң жип алынат.

Четтери 5 см жазылыкта эки жүздүү түймө менен, ортосу сүрөт түшүрүлүп байпактык түймө менен согулат. Түйүү төмөн жагынан башталат. Түйүп бүткөндө этегине күрөң жиптен чачы жасап койсо кооз көрүнөт. Схемада



43-сүрөт

килемчеге түшүрүлүүчү түр (маралдардын сүрөтү) көрсөтүлгөн (43-сүрөт).

**Жеңсиз свитер** (400 грамм жүн жип, № 2,5 жана № 3 шиш керек). Өлчөмү 48.

**Түйүлүшү:** «резинка» — 1 илмеги оң, бири сол.

**Түшүрүлүүчү негизги түр:** 4 оң илмек, 4 сол илмек, 1, 3, 5-катарлар оң алынат. 2, 4, 6-катарлар оң алынган илмектер оң, сол илмектер сол боюнча түйүлөт. 7-катар сол, 8-катар оң түшөт. Қалганы ушул жол менен улантылат.

Этеги, колтугу жана жакасынын жээктери № 2,5 шиш менен «резинка» түрүндө, калганы № 3 шиш менен түйүлөт (44-сүрөт).

**Өңүрү.** Шишке 122 илмек жасап, 6 см «резинка» менен согулат. Андан кийин 4 илмекти сол алып баштап, жогорудагы негизги түр түшүрүлөт. 21 см болгондо эки жагынан тең ар бир 4 см инде 1 илмектен 5 жолу кошулат. 42 см ге жеткенде жака оюгу үчүн өңүрдүн дал ортосун тең экиге бөлүп, эң ортосундагы илмекти жипке өткөзүп коюп, эки жагы эки бөлөк түйүлөт. Жака оюгу келчү жактан ар бир 4-катарда бирден илмек 28 жолу, жең оюгу жагына ар бир экинчи катарда 1 жолу —5·2 жолу, 3,4 жолу,—2.3 жолу 1 илмектен кыскартылат. 66 см болгондо калган илмектерди бөлүп-бөлүп 8 жолу кыскартканда ийни чыгат.



44-сүрөт

**Учасы.** Уча өңүрдөй эле түйүлөт. Мунун жака оюгу болбойт. Ийнине жеткенде 37 илмекти бөлүп-бөлүп учанын эки жагынан тең 8 жолу бекитүү керек. Қалган илмектер бир гана жолу бекитилет. Бул бөлүктөр бүткөндө, үтүктөлүп, жандары, ийини бириктирилип тигилет да, жакасы тегерете айланма шишке өткөрүлүп, резинка менен 2—3 см согулат. Жеңдери дал ошондой эле аткарылат.

Бул китепчеге айрым гана моделдерди түйүү ыкмасы берилди. Қийимдерди жана буюмдарды түйүүнүн моделдери жыл сайын «Легкая и пищевая промышленность» басмасынан чыгуучу «Вязание» журналына түстүү сүрөттөрү, түйүү түрү, өлчөмү, кандай түйүү керектиги жөнүндөгү баяндоосу менен басылып чыгат. Қиевдеги Респуб-

ликалык моделдер үйүнүн сүрөтчү-модельерлери иштеп чыккан моделдер өзүнчө буклетке жайгаштырылып, жылына бир нечеси түймө ышкыбоздоруна тартууланат. Ошондой эле жаңы моделдер «Мода», «Советская женщина», «Работница» ж. б. журналдардын тиркемелеринде да берилип турат. Айтор түймө түйүүгө кызыккан адам жарашыктуу, ыңгайлуу моделди таап алууга толук мүмкүнчүлүгү бар. Ошондуктан бул китепчеде моделдерге көп токтолгон жокпуз. Ал эми түйүүнүн көрктүү түрлөрүн түймөчү өзү деле ойлоп таап, көркөм кештелеп, кооз буюм жасоо ар бир уздун жеке чыгармачылыгына жараша болот.

## ШИШ ЖЕ ИЛМЕ ШИБЕГЕ МЕНЕН ТҮЙҮЛГӨН БӨЛҮКТӨРДҮ ҮТҮКТӨӨ

1. Кийимдин же буюмдун өзүнчө бөлүгү түйүлүп бүткөндөн кийин илме шибеге же ийне менен жиптин учтарын ич жагына түртүп киргизип, көрүнбөгүдөй кылып жашырып коёт. Жиптин учу жашырылган жер чоюлуп калбагандай болуш керек.

2. Модель түйүлгөн үлгүнү жумшак төшөлгө коюп, анын четтерин бойлото самындын алкындысы менен чийүү керек. Төшөлгө катары бетине жумшак кездеме капталган жыгач тактаны пайдаланган ыңгайлуу. Үлгүнүн чийилген контуруна түйүлгөн буюмду өңүн ичине келтирип коюу керек. № 10 ийне менен (төөнөгүч кыйла ыңгайлуу) адегенде бурчтарынан төөнөп, андан кийин эң четинен бири биринен 1 см аралыкта төөнөп бекитилет. Эгер түйүлгөн буюм агыш болсо, анда буюмду бууланганда дат болбос үчүн ийненин астына кичинеден кебез коюлат. Жең оюгу түз түйүлсө да ийри формага келтирилет. Бөлүктөрдүн этек жагы ийне менен төөнөлбөйт, анткени анда ал тишчеленип, тегиз эмес болуп калат. Учанын жана өңүрдүн капталдарын 1,5—2 см ге көтөрүп коюуну эстен чыгарбаш

керек. Бул болсо моделдин капталы тартышып калбас үчүн зарыл болуп эсептелет. Эгер өңүргө топчулук үчүн бөйрөмчө түйүлсө, анда бөйрөмчөнү ички четинен, б. а. бөйрөмчө менен өңүргө түшүрүлгөн түрдүн ортосунан төөнөш керек. Эч качан бөйрөмчөнү сырткы четинен төөнөгөнгө болбойт.

3. Эгер түймөнүн бети жылмакай, мисалы, байпактыкындай түйүү, майда букле, асем торчолуу болсо же шибеге менен түйүлсө, анда мындай полотнону эки кат нымдуу даки аркылуу үтүктү бетине араң эле тийгизе үтүктөп, буулантуу керек. Даки кургаганда үтүктөгөндү токтотуп, бөлүктү толук кургаганга чейин төөнөлгөн боюнча бир нече саат калтырып койгон дурус.

Үтүктөгөндү полотно бууланып жатканда токтотсо да болот. Анда трикотаждын бети томпок болуп калат. Бул ыкма менен буулангaнда полотнодо жалтырак пайда болбойт. Көп учурда үтүктөөнүн бул ыкмасы трикотажда жана кыл торко кездемеде пайда болгон жалтырактты кетирүү үчүн да сунуш кылынат.

4. Эгер түймө фактуралуу болсо (ири букле, даана түшкөн тилкелер, өрүмчө ж. б.) анда бөлүктү үтүктөп кереги жок. Полотнону төөнөп, аны эки кат ным даки менен жаап, ал дакини жарым сааттан кийин гана таштап, полотнону үлгүнүн бетинде турган боюнча кургатыш керек.

## МОДЕЛДИ КӨКТӨӨ, ЧЕНЕП КӨРҮҮ ЖАНА ТИГҮҮ

Көктөө үчүн № 10 чыгырык жип пайдаланылат. Эгер полотно ичке шиш менен (№ 2—3,5) түйүлсө, анда четине 1 см калтырып, ичинен тепчип көктөлөт. Жоон шиш менен (№ 4—8) токулган полотно өңүнөн чети аркылуу тигилет.

Моделди кийип көрүп, каптал жана ийин тигиштеринин түздүгүнө көңүл бурулат. Ийин тигиши ийиндин дал ортосунда, каптал тигиши тик болушу керек. Женди

кийип анын жазылыгы, ортоңку сызыгынын тик жайгашышы текшерилет.

Андан кийин моделди чечип, сантиметрдик тасма менен жең оюгу жана жең түбү ченелет. Жең түбү жең оюгуна караганда 3—4 см ашык болушу керек. Эгер экөө тең болуп калса (жең оюгу ченеп көрүүдө чоюлуп кетиши да мүмкүн) анда жең оюгун учасы жактан далынын тушунан, алдынан колтуктун алдыңкы түбүнөн көкүрөккө чейин тарытуу керек.

Акырында машина менен ийини, капталы бириктирилип тигилип, жеңи орнотулат. Андан кийин тигиштер тигилген абалында капталынан, анан эки жакка жаткыра үтүктөлөт. Эң акырында гана жакасы салынат.

Түйүү үчүн сунуш кылынган кийимдин өлчөмү көкүрөк айланасын ченөө менен аныкталаарын, мисалы, 48-өлчөмгө 96 см туура келээрин эске алуу керек.

## МАШИНА МЕНЕН ТОКУУ ЖӨНҮНДӨ КЫСКАЧА ТҮШҮНҮК

Кийинки мезгилде «Нева», «Северянка» ж. б. тибиндеги кол менен токуучу машиналар чыгарыла баштады. Алар үй шартында согула турган түрдүү буюмдарды жана кийимдерди токууга арналууда. Кол машинада токуу үчүн жүн, кебез, синтетика жиптери пайдаланылат.

Мындай машинада илмектердин санын кемитүүгө жана көбөйтүүгө, «резинка» токууга, тик, кыйшык жана түз оюк түшүрүүгө, кийимдин жарым тегерек же V формасындагы, «каре» моюнчасын токууга, буюмдун четин бекитүүгө болот.

Кол машинада токулган кийим илме шибеге же шиш менен түйгөнгө караганда тегиз жана көркөм болот. Машинанын конструкциясы шиш менен башталган түймөнү машина менен, же тескерисинче машина менен башталганды шиш менен улантууга мүмкүндүк түзөт.

# КОРУТУНДУ

Колго түйүлгөн кийимдер жана буюмдар кооз, көрктүү гана болбостон колдонууга ыңгайлуу да келип, аны түйгөн адамдын кийимге болгон табитин жана жекече кыял чабытын көрсөтө билүүгө да мүмкүнчүлүк түзөт. Жиптин түсүн тандай билүү, түйүлүүчү буюмга түр түшүрүү жана түрлөнтүү, кийимдин фасонун жана жасалгаларын табуу — мунун бардыгы алардын бири бирине айкалыштыра алууну, адамдын өзү кызыккан ишке чыгармачылык менен мамиле жасай билүүсүн калыптандырып, ага кубаныч тартуулайт.

Түйүлгөн кийимдер модага ылайык келип, кийген адамга жарашып турушу керек. Илме шибеге же шиш менен түйүлгөн кийимдер ар дайым сыны бузулбай кийилгендиги жана экинчи кайталанбастыгы менен өзгөчөлөнөт. Адам өз колу менен кийим токуганда фасонун, формасын жана түс айкалыштарын өзү каалагандай жасай алат, ал эми дүкөндөн алган даяр кийимде анын бардыгы эле боло бербейт. Эгер түйүлгөн кийим жакпай калса же модадан чыгып калса, анда аны жандырып, башка түстөгү жипке кошуп же өзүнөн эле кайра башкасын түйүп алса болот, ал аны жасаган адамдын уздугун айгинелейт. Түйүү колдун манжаларын ийкемдүүлүккө көндүрүп, манжа булчундарын да чыңдайт. Кийим түйүлүп бүткөндө, эгер аны кие турган адам өзү жасаса, ал абдан чоң ырахат тартуулаары бештен белгилүү.

Бул китепчеде түймө боюнча бардык маалыматтарды толук камтууга мүмкүнчүлүк болгон жок, ал биринчиден китепченин көлөмү менен байланыштырылса, экинчиден илме шибеге жана шиш менен кийим түйүү боюнча кыргыз тилиндеги адабияттардын (ошондой эле терминдердин) жоктугу менен түшүндүрүлөт. Бул кемчиликтер, албетте, сиздердин пикириңиздерди толук эске алуу менен ушул ишти мындан ары улантууда көңүлдүн борборунда болууга тийиш.

## ПАЙДАЛАНЫЛГАН ЖАНА КОШУМЧА СУНУШ КЫЛЫНГАН АДАБИЯТТАР


1. Абрамзон С. М. Очерки культуры киргизского народа. Фр., 1946.
2. Акматалиев А. Көркөм кол өнөрчүлүк. Фр., 1984.
3. Антипина Қ. И. Особенности материальной культуры и прикладного искусства южных киргизов, Фр., 1962.
4. Балухина В. Уроки художественного вязания. Ярославль, 1979.
5. Булан Л. Н. Вязание. М., 1969.
6. Зубкова Т. А., Смирнова Т. Н. Вязание на спицах. М., 1965.
7. Ильященко С. А. Вязание на спицах. М., 1964.
8. Краузе Анна. Вязание (альбом). Ташкент, 1984.
9. Максимова М. В. Занимательный клубок (альбом). М., 1977.
10. Максимова Ю. А., Двукраева А. П. Ручное вязание детских изделий. М., 1963.
11. Мартыненко И. П. Техника вязания. М., 1970.
12. Мартыненко И. П. Вязание (альбом). М., 1981.
13. Музыченко В. С. Модели вязаной одежды. М., 1976.
14. Пучкова Л. С. Кружок художественного вязания. М., 1979.
15. Ромашка: Сборник (Сост. З. Қостюшина) — М., Молодая гвардия, 1983.
16. Рукоделие в начальных классах. М., «Просвещения», 1984.

## МАЗМУНУ

Кириш сөз . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 3
Түйүндөн түймөгө чейин . . . . . . . . . . . . 4
Түймө . . . . . . . . . . . . . . . . . . . . 7
Түймөнүн негизги түйүндөрү . . . . . . . . . . 9
Түймөлөнүп жасалуучу айрым буюмдар . . . . . . . 12
Шиш жана илме шибеге менен түйүү . . . . . . . . 13
Фасон жана үлгү . . . . . . . . . . . . . . . 28
Илме шибеге менен түйүү . . . . . . . . . . . . 31
Илме шибеге менен түйүүнүн негизги ыкмалары . . . . . . 34
Тунис түймөсү . . . . . . . . . . . . . . . . 37
Шиш менен түйүү . . . . . . . . . . . . . . . 39
Түйүүнүн түрлөрү . . . . . . . . . . . . . . . 42
Илме шибеге жана шиш менен түйүлүүчү айрым буюмдар жана кийимдер . . . . . . . . . . . . . . . . 44
Шиш менен же илме шибеге менен түйүлгөн бөлүктөрдү үтүктөө 51
Моделди көктөө, ченеп көрүү жана тигүү . . . . . . . 52
Машина менен токуу жөнүндө кыскача түшүнүк . . . . . . 53
Корутунду . . . . . . . . . . . . . . . . . . 54
Пайдаланылган жана кошумча сунуш кылынган адабияттар . . 55

Ысмайыл Қадыров

ИСКУССТВО ВЯЗАНИЯ

(На киргизском языке)

Издательство «Қыргызстан»

Редактор *Б. Осмонкулов.* Көркөм редактор *Ч. Абдраимов.* Техн. редактор *Қ. Бурганакова.* Корректор П. Самаева.

ИБ № 3703

Терүүгө 23. 05. 86 ж. берилди. Басууга 30. 10 86 ж. кол коюлду. Д—01223 Басмаканалык № 1 кагаз. Адабий арибн, жөнөкөй ыкма менен басылды. Форматы 70×108¹/₃₂. 1,75 физ. басма табак, 2,45 шарттуу басма табак, 2,313 учёттук табак 2,596 боёк түшүрүү. Тиражы 13000. Заказ № 805. Баасы 20 т.

Элдердин достугу ордендүү «Қыргызстан» басмасы. 720737. ГСП. Фрунзе шаары, Совет көчөсү, 170

Чүй өндүрүштүк «Полиграфист» бирикмеси. Кыргыз ССР басма полиграфия жана китеп соода иштери боюнча Мамлекеттик комитети. 720616. ГСП. Фрунзе шаары. Мукаш Абдраев көчөсү, 72.